*– сабакта татаал талдоолорду жүргүзүүдө жана аларды чечүүдө, андан туура жыйынтык чыгара билүүдө окуучунун алдында кесиптик чеберчилигин көрсөтө билип, ишенимге ээ болууга;*

*– мугалим окуу-тарбия иштерин жүргүзүүдө катуу тартип менен эмес, окуучу менен биргеликте, аларга адеп-ыймандуу жана кесиптик өнөрдү үйрөтүү менен бирге иш жүргүзүүгө;*

*– окуучуга мугалимдик кесип өнөрүнүн маани-маңызын сездирип, анын сыймыктуулугун, тазалыгын, ыйыктыгын, улуту менен мамлекеттин келечеги үчүн жоопкерчилигин жана ал кесиптин түбөлүктүүлүгүн сездирүүгө, ага өз өмүрүнүн мисалында далилдей билүүгө милдеттүү.*

### *Окутуунун дидактикалык принциптери*

– ***Илимийлүүлүк*** *(теориялык маалыматтардын, эрежелердин, талдоолордун ж.б. мазмунунун илимий жактан такталгандыгы, тууралыгы, негиздүүлүгүнүн болушу);*

– ***Проблемалуулук*** *(баяндоонун проблемалуулугу, алдыга проблема коюп аны чечүү жолдорун көрсөтүү, окуучунун чыгармачыл ишмердүүлүк аракеттерин уюштуруу);*

– ***Көрсөтмөлүүлүк*** *(баланын эсте тутуусун түшүнүктөрдү предметтүү баяндоо аркылуу бекемдөө);*
– ***Аң-сезимдүүлүк*** *(түшүнүктөрдү жаттатуу менен эмес, аң-сезимдүү кабылдоо аркылуу өздөштүрүүгө багыт берүү);*
– ***Активдүүлүк*** *(сабактагы таанып-билүү иш-аракеттерин ыкчамдатуу);*
– ***Жеткиликтүүлүк*** *(сабактын мазмунунун баланын курагына, кабыл алуу өзгөчөлүктөрүнө жараша берилиши, ошого ылайык методдордун тандалышы);*
– ***Системалуулук*** *(теманын мазмунунун уланмалуулукта, ырааттуулукта берилиши);*
– ***Тарбиялоочулук*** *(теманын мазмунунун тарбия берүүчүлүк мүмкүнчүлүгүнүн жогору болушу);*
– ***Оптималдуулук*** *(зарыл учурда туура методдордун тандалышы, аз убакытта жетишерлик өлчөмдө билим берүү жолдорун табуу).*

### *Окутуунун жалпы методдору*

– ***айтып берүү методу*** *(окуу материалдарынын мазмунун айтып берүү, баяндап берүү, түшүндүрүү);*
– ***аңгемелешүү методу*** *(мугалим менен окуучунун жандуу аңгемелешүүсү менен билимди бекемдөө);*
– ***лекция методу*** *(окуу материалдарынын мазмунун мектептик деңгээлде лекция түрүндө айтып берүү, бул көбүнчө, жогорку класстарда жүргүзүлөт);*
– ***лекция-семинар методу*** *(жогорку класстарда лекция түрүндө айтып берүү жана семинардын элементин камтып, өз алдынча илимий булактарды пайдаланып иштөөгө окуучуну көнүктүрүү);*
– ***талкуу методу*** *(атайын максат коюп, бир тема боюнча талкуу уюштуруу, ар бир окуучунун жеке оюн, көз карашын угуу);*
– ***роль ойноо методу*** *(адабият сабагында каармандардын ролун аткарып ойноо, же дидактикалык жана иштиктүү оюндарда роль аткаруу менен иштеп машыгуу);*
– ***байкоо методу*** *(окуучунун ишмердигин, өздөштүрүүсүн системалуу байкоо);*
– ***китеп менен иштөө методу*** *(сабакта окуучунун сүйлөп берүү үчүн китеп менен, текст менен айкалыштырып иштөө);*
– ***экскурсия методу*** *(темага байланыштуу, мисалы, адабият сабагында жазуучунун өнөрканасын үйрөнүү, же тил сабагынан табиятка экскурсияга чыгып, жаратылышты сүрөттөө түрүндөгү дил баян жазуу);*
– ***долбоор методу*** *(бир теманын теориялык жана практикалык баалуулугун терең иликтеп, анын келечектүү багыттарын өз алдынча аныктоо);*
– ***программалап окутуу методу*** *(окуучуга тема боюнча суроолорду түзүү жана анын болжолдуу жоопторун берүү менен, окуучунун таанып-билүүсүн өнүктүрүү);*
– ***проблемалык кырдаал түзүү менен окутуу методу*** *(теманын мазмунун репродуктивдүү кайталабай, проблемалуу жагдай түзүү менен, аны ой жүгүртүп чечүүгө машыктыруу);*
– ***көнүгүү жана изилдөө методу*** *(тил сабагынан сөздүн чыгыш тегин иликтөө, эрежелерди талдап түшүнүү, же адабияттан каармандын мүнөзүн, чыгарманын идеялык маанисин далилдер менен иликтеп үйрөнүү, көнүгүү, машыгуу);*
– ***көрсөтмөлүүлүк же демонстрациялоо методу*** *(курулай сөз менен эмес, сөздү көрсөтмөлүүлүк менен бекемдеп, далилдөө жана натыйжаны жалпыга жарыялоо);*
– ***тестирлөө методу*** *(окуучунун маалыматтуулугун, логикалык ойлоосун тест аркылуу текшерүү жана баалоо);*
– ***эвристикалык метод*** *(окуучунун чыгармачыл өз алдынча изденүү менен өздөштүрүүсүн өнүктүрүү);*
– ***коммуникативдик метод*** *(тил жана адабият сабактарында окуучунун оозеки жана жазуу түрүндөгү байланыштуу кебин өстүрүү);*
– ***интерактивдүү методдор*** *(окуучу менен мугалимдин, окуучу менен окуучунун өз ара жандуу баарлашып өздөштүрүүсүн сабакта колдонуу);*
– ***окуучунун өз алдынча ишин уюштуруу методу*** *(сабактан кийин жана жаңы сабакка даярданууда окуучунун өз алдынча ишин уюштуруу);*
– ***текшерүү методу*** *(алган билимди оозеки жана жазуу иштери аркылуу текшерүү)*

***1.* Кыргыз тили жана адабияты сабактарына коюлуучу жалпы талаптар:**

**А) Кыргыз тили жана адабияты сабагы баланын өмүрүндө элдик тилдин улуулугунун, тазалыгынын, байлыгынын жана көрктүүлүгүнүн үлгү-далили боло алуусуна жетишүүсү керек.**

**Б) Сабак илимий негизде, методикалык жактан туура уюштурулуп, тарбиялык таасири жогору болуусу, ал ушундай сапаттары менен окуучуну интеллект катары өнүктүрүүгө жол көрсөтүүсү шарт.**

**В) Сабакта төмөндөгүдөй тарбиялык баалуулуктар ишке ашуусу зарыл:**

– элдик акыл казынасы аркылуу акыл эмгегинин маданиятына тарбиялоо;
– улуттук тил дөөлөттөрү аркылуу идеологиялык жактан тарбиялоо;
– элдик адеп-ыйманга, улуттук улуу мурастарды сүйүүгө, аны урматтоого жана сактай билүүгө тарбиялоо;
– башка элди жана анын тили менен маданиятын сыйлай билүүгө тарбиялоо;
– өнөр алды кызыл тил менен окуучуну эне тилинде сүйлөө өнөрүнө тарбиялоо;
– тилдин рухий күчү менен эстетикалык жактан тарбиялоо;
– башка тилди да сыйлай билүүгө үндөө менен, улут аралык мамиле маданиятына тарбиялоо.

**2. Кыргыз тили жана адабияты сабактарына коюлуучу дидактикалык талаптар:**

– сабактын темасынын так коюлуусу;
– сабактын тибинин, формасынын жана түрүнүн туура тандалышы;
– сабакта белгиленген убакыттын жана ички логикалык түзүлүшүнүн туура сакталышы;
– билим берүүчү, өнүктүрүүчү жана тарбия берүүчү максаттарынын теманын мазмунуна жараша туура коюлуусу;
– сабактын теориялык жана практикалык баалуулугунун жогорулугу;
– сабакта окутуунун принциптеринин оптималдуу жетекчиликке алынышы;
– сабактын максатына жараша зарыл методдор менен методикалык ыкмалардын орду менен колдонулушу;
– сабакта окуучунун жетишкендиктерин туура баалоо методдорунун, анын талаптарынын так коюлуусу, баалоодо окуучунун көрсөткүчтөрүнүн даана болуусу;
– баалоонун ырааттуу мониторингинин болуусу, анын эл аралык деңгээлдер менен салыштырмалуулугу жана баалоонун тарбиялык таасирдүүлүгүнө жетишүү.

**3. Кыргыз тили жана адабияты сабагына коюлуучу психологиялык талаптар:**

– сабакта жагымдуу жагдайдын түзүлүүсү;
– мугалимдин өзүн алып жүрүүдөгү токтоолугу;
– маанайынын туруктуулугу;
– педагогикалык этиканын, мамиленин сакталышы;
– окуучуларга берген суроолорунун орундуулугу;
– сабакта жаралган түрдүү кырдаалдарды ийкемдүү чечүүсү;
– окуучунун көңүл маанайын көтөрө алуусу;
– окуучунун демилгелүүлүгүн көтөргөн жылуу сөздүн болуусу.

**4. Сабакка коюлуучу ден соолукту сактоочу талаптар:**

– **психологиялык жактан** (окуу ишин жүргүзүүдө мугалимдин ар бир мамилесибалага психологиялык жактан басынтуучу мүнөздө болбоосу);
– **окуу материалынын мазмуну жагынан** (окуу материалдарынын мазмуну баланын жеке өзгөчөлүктөрүнө, турмуш абалына жана инсандыгына терс таасир этпегидей болуусу);
– **уюштуруу жагынан** (сабактын жүрүшү, анын этаптары, тапшырмалардын саны, ар бир иш-аракеттер баланын ден соолугун, кабыл алуусун эске алуу менен аткарылуусу);

– **методикалык жактан** (сабактагы методикалык иш-аракеттер, ыкмалар, методдор, көрсөтмө куралдар, берилген тапшырмалар балага терс таасир этпегидей, анын татаалдыгы, оордугу эске алынууга тийиш);

– **нормативдик жактан** (окуу планындагы предметтердин, окуу жүктөмүнүн саны, окуу мөөнөтүнүн баланын курактык жана ден соолугунун өзгөчөлүктөрүнө жараша узактыгынын эске алынышы, окуу предметтеринин оордук-татаалдыктарына жараша расписаниеде жайгаштырылышы, анын окуу күндөрүнүн мүнөзүнө жараша келиши, окуу регламентинин ийкемдүү болуусу).

**5. Сабакты пландоого коюлуучу талаптар:**

***а) сабактын темасы;***

***б) сабактын максаттары:*** *билим берүүчү; өнүктүрүүчү; тарбия берүүчү;*

***в) сабактын түзүлүшү:***

– ***уюштуруу*** *(психологиялык жагымдуу жагдайды түзүү, окуучулардын көңүлүн сабакка буруу);*

– ***үй тапшырманын аткарылышын текшерүү*** *(ырааттуу текшерүү, тандап текшерүү, текшерүүсүз текшерүү);*

– ***өтүлгөн сабакты жыйынтыктоо*** *(жаңы тема менен өтүлгөн теманы байланыштыруу);*

– ***жаңы сабак, аны түшүндүрүү*** *(жаңы сабакты моделдөө, окуучу үчүн жаңылыкты ачуу);*

– ***өтүлгөн сабакты бышыктоо*** *(суроо-жооп менен кайталап бышыктоо, өтүлгөндөрдү системалап (корутундулап) бышыктоо, үйрөнгөнүн колдонуп бышыктоо, чыгармачылык менен бышыктоо);*

– ***өтүлгөн сабакты жыйынтыктоо*** *(Бүгүн эмнени үйрөндүк, анын кайсынысы маанилүү? Бүгүн эмнеге машыктык, анын кайсынысы маанилүү?)*

– ***окуучулардын билимин баалоо*** *(баалоонун талаптарын иштеп чыгуу, талаптардын градациясын пландоо, окуучулардын көрсөткүчтөрүн аныктоо, окуучулардын өздөштүрүүсүнө баа берүү, баалоо, баа коюу);*

– ***үйгө тапшырма берүү*** *(кайталоо үчүн тапшырма, жаттоо үчүн тапшырма, грамматикалык тапшырма, коммуникативдик тапшырма, үйрөнгөнүн практикада колдонуу үчүн тапшырма, чыгармачыл тапшырма, өз алдынча иштөө үчүн тапшырма...)*

**Кыргыз тилин окутуунун жеке принциптери:** *коммуникативдик багыттуулук принциби, лингвоөлкөтаанытуу принциби, этномаданияттануу принциби...*

**Кыргыз тилин окутуунун жеке методдору:** *талдоо-жыйноо методу, (анализ-синтез методу), түшүндүрүп окуу методу, тилдик фактыларды салыштырып окутуу методу, коммуникативдик метод, түздөн-түз үйрөтүү методу, тилди тездетип үйрөтүү методу, ишмердик мамиле методу...*

**Кыргыз тили жана адабияты сабактарынын типтери:**

– ***жаңы теманы түшүндүрүү сабагы;***

– ***алган билимди текшерүү сабагы;***

– ***жалпылоо, системалоо сабагы;***

– ***бышыктоо сабагы;***

– ***кайталоо сабагы;***

– ***аралаш сабак.***

**Кыргыз тили жана адабияты сабактарынын жаңыча (инновациялык) түрлөрү жана алардын мүнөздөмөлөрү:**

– ***аңгемелешүү сабагы*** *– өтүлгөн сабакты окуучулардын кабыл алуусу, өздөштүрүүсү тууралуу баарлашуу;*

– ***изилдөө сабагы*** *– окуучунун теориялык билими менен практикалык өз алдынчалыгын шиктөө, өнүктүрүү максатын көздөйт;*

– ***панорамма сабагы*** *– сабактагы айрым кырдаалдарды байкоо максатында;*

– ***саякат сабагы*** *– окуучулардын ой жүгүртүү жана таанып-билүү ишмердүүлүгүн кеңейтет;*

*– **семинар сабагы** – алган билимин жана практикалык машыгуусун тереңдетүү максатын көздөйт;*
*– **мелдеш (таймаш) сабагы** – окуучулардын интеллектуалдык жактан өнүгүү деңгээлин байкоо, сыноо үчүн;*
*– **конференция сабагы** – окуучунун сабакта алган билимин кеңейтет, чыгармачыл жана таанып-билүү активдүүлүгүн арттырат;*
*– **зачет сабагы** – окуучунун билим деңгээлин аныктайт жана баалайт;*
*– **диспут сабагы** – алган билимди жана машыгууларды активдештирет, өз алдынча ой жүгүртүүсүн өстүрөт, бекемдейт;*
*– **оюн сабагы** – оюн аркылуу кебин өнүктүрөт;*
*– **табышмак сабагы** – окуучунун кыялын байытат, ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт, тапкырлыгын өстүрөт;*
*– **инсценировка сабагы** – окуучунун чыгармачыл активдүүлүгүн бекемдейт, образдуу, көркөм сүйлөөсүн өстүрөт;*
*– **лекция сабагы** – жаңы маалыматтарды берет;*
*– **байкоо сабагы** – окуучунун өздөштүрүүсүнүн деңгээлин аныктоо максатындагы сабак;*
*– **кино сабагы** – окуучунун көрүп ой жүгүртүүсүн, чыгармачылыгын өркүндөтүү максатында;*

*– **сахна-сабак** – аңгемени же жомокту сюжетине жараша инсценировкалап, каармандарынын бейнесин түзүп, сахнада аткаруу, аны талдоо аркылуу чыгарманы үйрөнүү;*

*– **жомок-сабак** – жомокторду окуп-үйрөнүүдө бир окуучуну жомокчунун ролуна үйрөтүп, калган окуучуларды жомок угуучу катары элестетип сабак өтүү жана аны жалпылап талдоо;*

*– **викторина-сабак** – тилден болсун, адабияттан болсун, мугалим өтүлгөн материалдар боюнча түйүндүү маселелерди камтыган суроолордун топтомун түзөт, ал суроолор атайын өтүлүүчү викторина сабагында ирети берилет, окуучунун билимин, эсте тутуусун текшерип, өстүрөт;*

*– **конкурс-сабак** – ар бир чоң тема өтүлгөндө же чейрек аяктаган кезде буга чейин үйрөнгөндөрүн текшерүү максатында классты тайпаларга бөлүп, билим таймашында мелдештирүү сабагы;*

*– **көз караш сабагы** – адабият сабактарында талаш-тартыштуу же проблемалуу маанайдагы чыгармаларды, мисалы: «Ак кеме», «Жамийла», «Бетме-бет» ж.б. эркин талкуулоо, каармандары тууралуу жеке көз карашын билдирүү;*

*– **поэзия сабагы** – адабият сабагында поэзиялык чыгармаларды мугалимдин гана баяндап, талдап берүүсү менен чектелбей, окуучулардын эркин көркөм окуусу менен талдоо. Мисалы: Алыкулдун, Токтогулдун, Барпынын, Жеңижоктун ырларын ар бир окуучу каалаганын тандап алып, поэзия кечеси сыяктуу көркөм жатка окуу, аларды талдоо, талкулоо сабагы;*

*– **талкуулоо сабагы** –өтүлгөн адабий чыгарманы тереңдеп үйрөнүү максатында, бир окуучу – жазуучу, эки-үч окуучу – сынчы болуп, чыгарманы талкуулоо формасында сабакты уюштуруу.*

***Кыргыз тили жана адабияты сабагында колдонулуучу сынчыл ойломдун стратегиялары:***
*– окуу жана түшүнүү;*
*– синквейн;*
*– кластер;*
*– зигзаг;*
*– даймонд;*
*– топ менен иштөө;*
*– сынчыл ойлом сабагы;*
*– эки бөлүктүү күндөлүк;*
*– дискуссия сабагы;*
*– зигзаг;*
*– инсерт;*
*– кластер;*
*– концептуалдуу карта;*

*– мээ чабуулун колдонуу;*
*– чаташкан логикалуу чынжырлар…*

***Кыргыз тили жана адабияты сабагында окуучулар менен иштөөнүн формалары:***
*– окуучулар менен жекече иштөө;*
*– жуп-жубу менен иштөө;*
*– тайпада иштөө;*
*– фронталдык формада иштөө.*

***Кеп өстүрүү принциптери:***
– сөздүк иш жүргүзүү менен биргеликте кеп өстүрүү;
– сөздүн этимологиясын (чыгыш тегин) чечмелөө менен биргеликте кеп өстүрүү;
– баланын ой жүгүртүүсү менен биргеликте кеп өстүрүү;
– грамматикалык материалдарды өздөштүрүү менен кеп өстүрүү;
– адабий текст менен биргеликте кеп өстүрүү.

## Компетенттүүлүктөр жөнүндө

Компетенттүүлүк – бул адамдын тиешелүү билимдеринин, билгичтиктеринин элементтерин жана иш-аракеттеринин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, турмуштук, кесиптик) өз алдынча колдоно алуу жөндөмдүүлүгү;

Негизги компетенттүүлүктөр – предметтик компетентүүлүктөрдүн негизинде калыптануучу, окуучулардын социалдык тажрыйбасына негизделген, окуу предметинен жогору турган көп кызматтуу, көп деңгээлдүү, чеееле турган билим берүү натыйжалары;

Предметтик компетенттүүлүктөр – билим берүү натыйжаларынын жыйындысы катары өзүнчө окуу предметинин материалынын негизинде калыптануучу, негизги компетентүүлүктөргө караганда жекече компетентүүлүктөр.

### *Негизги компетенттүүлүктүн өзгөчөлүгү*

**Компетенттик мамиле** биринчи орунга окуучулардын маалымдуулугун эмес, практикалык иште пайда болгон көйгөйлөрдү чечүү жана иштин ыкмаларын өздөштүрүү жөндөмүн коёт.

Жалпы билим берүүнүн жаңыртылган мазмунун негизин *«негизги компетенттүүлүктөр» түптөгөн.*

Дүйнөлүк билим берүү практикасында компетенттүүлүк түшүнүгү борбордук, «башкы» түшүнүк катары эсептелинет, анткени компетенттүүлүк:
• биринчиден, өзүнө билим берүүнүн интеллектуалдык жана жөндөмдүк түзүүчүлөрүн бириктирет;
• экинчиден, компетенттүүлүк түшүнүгүнө «натыйжадан» түзүлгөн билим берүүнүн мазмунун интерпретациялоо идеологиясы түптөлгөн;
• үчүнчүдөн, негизги компетенттүүлүк интегративдик табиятка ээ, анткени ал маданияттын жана иштин кеңири (маалыматтык, укуктук ж.б.) чөйрөлөрүнө тийиштүү бир катар билимдерди өзүнө алып алат.

Жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандартында үч негизги компетенттүүлүк жөнүндө сөз болот:
• **маалыматтык;**
• **социалдык-коммуникативдик;**
• **өзүн ишин уюштуруу жана көйгөйлөрдү чече билүү.**

## Предметтик компетенттүүлүктөр менен билим берүүнүн натыйжаларынын байланышы

Негизги компетенттүүлүктөр (маалыматтык, социалдык-коммуникативдик, өзүн-өзү уюштуруу жана көйгөйлөрдү чече билүүчүлүк) кыргыз тили сабагында предметтик: тил таануучулук, кептик жана маданият-таануучулук компетенттүүлүктөр аркылуу калыптанат.

Турмуштук кырдаалдардан алынган кызыктуу тексттерди окуучулардын окуу (угуу) жана талкуулоо аркылуу ой жүгүртө билүү жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү, ал тексттердин мазмунундагы таанытуучу жана тарбиялык баалуулук багыттарды аныктап-талдоого окуучуларга көмөктөшүү – негизги иш-аракеттерден болуп саналат. Ал тексттерди сынчыл көз караш менен баалоо да абдан маанилүү, анткени ал тексттерден маалыматтарды табууга, башкалардын пикирлерин уга билүүгө жана өз пикирин калыптандырууга, түрдүү көз караштарды салыштырууга үйрөтөт.

## Кыргыз тилинин предметтик компетенттүүлүктөрү

**Предметтик компетенттүүлүктөрдү аныктоодо төмөнкүлөр эске алынды:**

- Кептик-ой жүгүртүүчү ишмердүүлүгү төмөнкүдөй фазаларга ээ: мотив – максат – багыт алуу – пландаштыруу – ишке ашыруу – текшерүү;
- Кептик ишмердүүлүк процессинде сүйлөөчүнүн кебинде колдонулган грамматикалык категориялар жана угуучунун кебиндеги грамматикалык категориялар шайкештикте болот;
- Адамдын кеби анын дүйнө таанымын жана маданий деңгээлин чагылдырат.

**Мына ушуга байланыштуу эне тилин окуп-үйрөнүүдө ээ болуучу жалпы компетенттүүлүктөр**

1) **тил таануучулук** – тилдин системасын, тактап айтканда, тилдин түзүлүшү, анын категориялары тууралуу билимге ээ болуу, анын ичинде орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулукка жетишүү;

2) **кептик** – кептик кырдаалдарга жана тилдик нормаларга ылайык жазуу жана оозеки формада карым-катнашты ишке ашыруу, өзүнүн кептик мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтөт жана сөздүк корун байытуу, байланыштуу кебин, сүйлөө, жазуу маданиятын өркүндөтөт;

3) **маданият таануучулук** – тилдин улуттук-маданий өзгөчөлүгүн үйрөнөт, тил аркылуу элдин улуттук баалуулуктарын таанып-билет, элдик жана этномаданий лексиканы өздөштүрөт.

**Тилдик компетенттүүлүккө ээ болуу өзүнө буларды камтыйт:**

- 11-классты бүтүрүүчү эне тилинин жеке жана жалпы мыйзамдарын чагылдыруучу нормалар жана эрежелер боюнча билимге ээ болот, лингвистикалык маалыматтарды талдап -түшүндүрө алат, аналитикалык ой жүгүртүү көндүмдөрүнө ээ болот дегенди билдирет;
- тилдик бирдиктердин, тилдин системасындагы алардын функцияларын тексттеги ролу менен байланышта түшүнөт;
- лингвистикалык түшүнүктөрдү, алардын кептеги функциялары менен маанилерин тексттин стилдерине ылайык комплекстүү түшүнүшөт;
- тилдик бирдиктердин синонимдештигин, структурасын, семантикасын тексттин стилдерине жараша айырмалай алышат;
- кептин оозеки жана жазуу формаларынын өзгөчөлүктөрүн айырмалай билишет;
- окуп үйрөнгөн орфограммалардын жана пунктуациялык эрежелердин көлөмүнө ылайык орфографиялык жана пунктуациялык көндүмдөргө ээ болот.

**Кептик компетенттүүлүккө ээ болуу булар менен түшүндүрүлөт:**

- мектептин бүтүрүүчүсү (сүйлөөчү-угуучу) карым-катнаштык негизде аткарылуучу милдеттерди аныктоого, тилди пикир алышуунун ар кыл кырдаалдарында оозеки жана жазуу формасында пайдаланууга, өзүнүн сөздүк корун байытуу менен кептик мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жөндөмдүү дегенди билдирет.
- карым-катнаштын (коммуникациянын) максатына ылайык жүрүп жаткан сүйлөшүүнүн же тексттеги ойдун предметин жана темасын түшүнөт жана түшүндүрүп бере алат;

- текстеги негизги идеяны жана кошумча маалыматтарды бөлүп көрсөтүп, аларды талдап салыштырат;
- мазмунуна ылайык тексттердин функционалдык-семантикалык типтерин, кептин ар кыл түрлөрүн, тексттин жанрлары менен стилдерин айырмалайт жана оозеки, жазуу жүзүндө пайдалана алат;
- адабий тилдин (стилдердин) нормаларына, пикир алышуунун максатына (кептик кырдаалдарга) ылайык текст түзөт;
- текстти ар кыл стилдик айырмачылыктарына (бир стилдеги текстти экинчи стилге айландыруу), түрдүү эмоционалдык жагдайларга (тондорго) ылайыктап кайрадан түзөт.
- маданият таануучулук компетенттүүлүккө ээ болуу булар менен түшүндүрүлөт:
- мектеп бүтүрүүчүсү эне тилин жетик өздөштүрүү аркылуу социалдык- маданий- кептик шартты жана тарыхый-маданий контекстти эске алууга жөндөмдүү дегенди билдирет, б.а.:
- коомдо жүрүм-турумдун нормаларына ылайык баарлашуунун да социалдык ролу менен маани-маңызын түшүнө алат;
- элдин маданий мурасынын маанилүү бөлүгү катары тилге жекече мамилесин билдирет;
- кеп адебинин нормаларына ээ болот;
- тилдик жана коммуникативдик билгиликтер үч деңгээлде бааланат: продуктивдик, репродуктивдик жана креотивдик, демек окуучулар үйрөнгөнүн бекемдешет, ой жүгүртүү менен аларды практикада колдонушат жана өз алдынча чыгармачылык менен иш алып барышат.

## Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

Кыргыз тили сабагындагы билимдин натыйжасын баалоо окутуп үйрөтүүнүн формалары жана методдорунун максаты менен тыгыз байланышта. Баалоонун максаты- күтүлүп жаткан билимдин чыныгы натыйжаларына карата аныктоо. Окуучулардын билимин баалоодо мугалим окутуунун методдоруна жана формаларына жараша түрдүү методдорду колдонот.

**Баалоонун негизги принциптери.** Окуучуларды баалоодо мугалим *калыстык, ишенимдүүлүк, жарамдуулук* сыяктуу негизги принциптерди жетекчиликке алышы зарыл.

*Калыстык*. Калыстык принципи бардык окуучулар бирдей шартта окшош сыноодон өтүшүн талап кылат. Маалыматтарды текшерүү калыстыгы мугалим үчүн дагы, бардык окуучулар үчүн дагы баалоонун бирдей критерийлеринин болушун туюндурат.

*Ишенимдүүлүк*. Ишенимдүүлүк принциби ошол эле белгини кайталап өлчөөдө бирдей натыйжа алууга мүмкүнчүлүк берген педагогикалык баалоонун тактыгын билдирет.

*Жарамдуулук* - бул башка нерсе эмес, чын эле өлчөөгө тийиш болгон нерсе өлчөнүп жаткандыгын көрсөткөн баалоо усулунун аныктыгы.

**Баалоонун түрлөрү.** Окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктери менен өсүшүн өлчөө үчүн баалоонун үч түрү колдонулат: *диагноздоочу, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу.*

**Диагностикалык баалоо.** Прогресске баа берүү үчүн мугалим окуу жылы ичинде жетишилген натыйжалар менен окуучунун билгиликтеринин баштапкы калыптануу деңгээлине салыштыруу жүргүзөт. Диагноздоочу баалоонун натыйжалары сыпаттоо түрүндө катталып, жалпыланат жана мугалимдин окутуу милдеттерин аныкташына, окуучуга берилүүчү тапшырмаларды берүү жолу менен окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизишине жана анын өркүндөтүшүнө негиз болот.

**Калыптандыруучу баалоо.** Калыптандыруучу баалоонун максаты - окуучунун жетишкендиги менен материалды жекече өздөштүрүү өзгөчөлүктөрүн аныктоо, ошондой эле окуучунун ийгиликке жетиши үчүн сунуштарды иштеп чыгуу. Мугалим калыптандыруучу баалоону окутуунун жүрүшүнө жараша өз убагында түзөтүү, пландоого өзгөртүү киргизүү үчүн пайдаланат. Окуучунун жөндөм деңгээли эмес, ал аткарган конкреттүү иш бааланат.Окутуунун аралык натыйжаларын баалоодо окуучулардын өзгөчөлүктөрү (ишти аткаруу тездиги, теманы өздөштүрүү жөндөмү ж.б) эске алынып, окуучулардын жетишкендиктери менен өсүштөрүнө көңүл бурулат. Окуучунун өсүшү билим берүү тармагы менен предметтердин алкагында окутуу максаты болуп саналган белгилүү натыйжаларга жетүү катары аныкталат. Журналга баа зарылдыгына карай коюлат (катталат), мугалим окуучунун жекече өсүшүнө жүргүзгөн байкоолорун белгилейт.

**Жыйынтыктоочу баалоо.** Жыйынтыктоочу баалоо окутуунун ар бир баскычында пландалуучу натыйжаларга окуучулардын жетишүү даражасын аныктоо үчүн кызмат кылып, *утурумдук, аралык жана жыйынтыктоочу* баалоодон түзүлөт.

Жекече аткарылган тапшырмаларды *утурумдук баалоо* баа берүү ченемдери (туура чечимдердин саны, кетирилген катарлардын саны, тариздөө эрежелеринин сакталышы ж.б.) менен мугалим жана/же окуучулардын өздөрү берген өзүнчө ишти аткаруу критерийлерине жараша жүргүзүлөт. Мугалим окуучулардын окуу материалын өздөштүрүүдөгү өзгөчөлүктөрүнө жараша утурумдук баалоо жүргүзөт.

*Аралык баалоо* предметтик куррикулумда аныкталган иштердин түрүнүн негизинде жүргүзүлөт.

- Кат жүзүндөгү иштер/булактар менен иштөө;
- Оозеки жооп /жүзачар;
- Долбоор, изилдөө иши, иштердин бөтөнчө түрлөрү;
- Портфолио (жетишкендиктер папкасы) ж.б.

Иштердин бардык түрлөрү баалоо критерийлеринин негизинде бааланып, милдеттүү болуп саналат жана мугалим тарабынан баалоо планын иштеп чыгууда алдын ала пландалат.

*Жыйынтыктоочу баалоо* мектеп календарына (чейрек, жарым жылдык, окуу жылы ылайык) жүргүзүлүп, аракеттеги ченемдер менен баалоонун иштелип чыккан критерийлерге жараша кат жүзүндө аткарылат.

Милдеттүү иштердин түрлөрүнүн саны жана жыйынтыктоочу баалоодогу салыштырма катыш окутуу баскычтары менен предметтердин өзгөчөлүгүн эске алуу менен аныкталат.

Иштердин формасынын ар түрдүүлүгүн мугалим окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алып аныктайт.

## 5-КЛАСС
### (жумасына 4 сааттан, жыл боюнча 136 саат)

| № | ТЕМАЛАРЫ | сааты | мөөнөтү | эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **Тил – пикир алышуунун куралы, тил жана кеп** | 1 саат | | |
| 2 | **Байланыштуу кеп (25 саат)**<br>Текст, анын мүнөздүү белгилери (тексттин тематикалык, маанилик, стилдик, грамматикалык бүтүн бирдиги) | 2 саат | | |
| 3 | Тексттин маанилик бүтүндүгү. Тексттин эң кичине бирдиги сүйлөм, тексттин темасы жана негизги ою | 2 саат | | |
| 4 | Текстке ат коюу (темага же негизги ойго байланыштуу) | 1 саат | | |
| 5 | Тексттин планы тууралуу түшүнүк. Жөнөкөй план | 1 саат | | |
| 6 | Даяр тексттин жөнөкөй планын түзүп, пландын негизинде оозеки баяндап берүүгө жана баяндама жазууга үйрөтүү | 3 саат | | |
| 7 | Кептин түрлөрү: баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү (жалпы маалымат) | 1 саат | | |
| 8 | Баяндоо, анын мүнөздүү белгилери | 1 саат | | |
| 9 | Сүрөттөө жөнүндө жалпы маалымат | 1 саат | | |
| 10 | Сүрөттөө объектилеринин түрлөрү: жандуу, жансыз заттарды сүрөттөө | 1 саат | | |
| 11 | Көркөм адабий чыгармалардан жандуу жана жансыз заттардын сүрөттөлүшүнө байкоо жүргүзүү | 3 саат | | |
| 12 | Расмий-иштиктүү стиль, анын түрлөрү жөнүндө жалпы маалымат (расмий жана расмий эмес иш кагаздары) | 2 саат | | |
| 13 | Расмий эмес иш кагаздары, анын мүнөздүү белгилери (кулактандыруу, арыз, чакыруу билети, тактама (справка) | 4 саат | | |
| 14 | Өз алдынча берилген үлгүнүн негизинде кулактандыруу, арыз, чакыруу билетин жазууга көнүктүрүү | 3 саат | | |
| | **Синтаксис, пунктуация жана кеп маданияты (23 саат)** | | | |
| 15 | *Сөз айкашы жөнүндө түшүнүк.* Сөз айкашынын тутумундагы багындыруучу (негизги сөз) жана багынуучу түгөйлөр, алардын өз ара байланышуу жолдору: маанилик (ыкташуу) жана грамматикалык (башкаруу, таандык) түрлөрү | 2 саат | | |
| 16 | *Сүйлөм.* Сүйлөмдүн негизги белгилери. Айтылыш максаттарына жана маанилерине ылайык сүйлөмдүн жай, суроолуу жана илептүү болуп бөлүнүштөрү. Бул сүйлөмдөрдүн аягына коюлуучу тыныш белгилер | 2 саат | | |
| 17 | *Сүйлөм мүчөлөрү.* Сүйлөмдү уюштуруудагы ролуна карата алардын баш мүчөлөрү (ээ, баяндооч) жана айкындооч мүчөлөр (аныктооч, толуктооч, бышыктооч) болуп бөлүнүшү | 2 саат | | |
| 18 | *Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү.* Бир өңчөй мүчөлөрдү байланыштыруучу каражаттар (байламталар, интонация). Бир өңчөй мүчөлөрдөгү коюлуучу тыныш белгилер | 2 саат | | |
| 19 | *Жөнөкөй сүйлөм.* Жалаң жана жайылма сүйлөмдөр, алардын түзүлүшү | 2 саат | | |
| 20 | *Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөз.* Каратма сөз, анда коюлуучу тыныш белгилер | 2 саат | | |
| 21 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу иштери* | 3 саат | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 22 | *Синтаксистик талдоо жүргүзүү* | 1 саат | | |
| 23 | Татаал сүйлөм, анын грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү (тең жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм). Татаал сүйлөмдүн тыныш белгилери | 1 саат | | |
| 24 | Төл жана бөтөн сөз жөнүндө түшүнүк. Төл сөздөн мурда жана кийин колдонулган тик сөздөр, ушуга байланыштуу коюлган тыныш белгилер. Диалог жана анын тыныш белгилери | 2 саат | | |
| 25 | *Кеп маданияты.* Тексттеги жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдүн чегин аныктоо. Текстте кездешкен суроолуу, жай, буйрук, илептүү сүйлөмдөрдүн интонациясын туура сактоо. Сүйлөмдөрдүн бир өңчөй мүчөлөрүнүн, татаал сүйлөмдөрдүн синтаксистик түгөйлөрүнүн интонациясын туура сактоо. Көркөм текст түзүүдө жай, суроолуу, буйрук, илептүү сүйлөмдөрдү, сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрүн, тике, бөтөн сөздөрдү айтыла турган ойдун кырдаалына карай адабий тилдин стилдик нормасына карай колдоно билүү | 1 саат | | |
| 26 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу иштери* | 2 саат | | |
| 27 | *Синтаксистик талдоо жүргүзүү* | 1 саат | | |
| | **Фонетика, графика, орфоэпия жана кеп маданияты (19 саат)** | | | |
| 28 | Фонетика жана графика жөнүндө түшүнүк. Тыбыш жасоочу органдар жана тыбыштардын жасалышы. Тыбыш жана тамга, алардын бири-биринен айырмасы. Тыбыштардын үндүү, үнсүз болуп бөлүнүшү | 2 саат | | |
| 29 | *Үндүү тыбыштар* жана алардын бөлүнүшү: тилге карата жоон жана ичке, эринге карай эриндүү жана эринсиз, жаакка карай кең жана кууш, үндүн созулуу деңгээлине карай кыска жана созулма үндүүлөр болуп бөлүнүшү, алардын жасалышы | 2 саат | | |
| 30 | Бир сөз ичинде үндүүлөрдүн ээрчишип өзгөрүүсү (энеме, тоого) | 1 саат | | |
| 31 | *Үнсүз тыбыштар,* алардын жумшак, каткалаң, уяң болуп бөлүнүшү, түгөйлүү, түгөйсүз болуп келиши, алардын айтылышы жана жазылышы | 2 саат | | |
| 32 | Алфавит, андагы тамгалардын аталышы. Баш жана кичине тамгалар. Алфавитте тамгалардын жайгашуу тартиби, анын коомдо колдонулуш маанилери | 2 саат | | |
| 33 | *Муун,* анын түрлөрү. Сөздөрдү муунга ажыратуу | 1 саат | | |
| 34 | Интонация, анын оозеки, жазуу кебиндеги мааниси | 1 саат | | |
| 35 | Орфоэпия жана орфография жөнүндө түшүнүк. Кыргыз орфоэпиясынын негизги эрежелери: уңгу сөздөрдүн жеке тургандагы туура айтылышы жана жазылышы, уңгуга мүчө жалганган учурдагы туура айтылышы жана жазылышы (нанга – наңга, аччы – ашчы) | 2 саат | | |
| 36 | Бир сөз ичинде *к, п,* тыбыштарынын *г, б,* тыбыштарына өзгөрүп айтылышы жана жазылышы | 1 саат | | |
| 37 | *Кеп маданияты: с-з, к-г, д-т, б-п, ч-ш* сыяктуу түгөйлүү үнсүздөрдү сөз ичинде айтылышын жана жазылышын туура, так сактай билүү, ажыратуу (ъ), ичкертүү (ь) белгилери жана созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдү туура айтууга жана туура жазууга көнүгүү; сөз аягына келген жумшак үнсүздөрдүн (*б, в, г, д, ж*) аталышында орфоэпиялык, орфографиялык нормаларды туура сактоо | 1 саат | | |
| 38 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 3 саат | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 39 | *Фонетикалык талдоо жүргүзүү* | 1 саат | | |
| | **Лексика жана кеп маданияты (12 саат)** | | | |
| 40 | *Лексика жөнүндө түшүнүк* | 1 саат | | |
| 41 | Сөздүн лексикалык жана грамматикалык маанилери | 1 саат | | |
| 42 | Бир маанилүү, көп маанилүү сөздөр | 1 саат | | |
| 43 | Сөздүн тике жана өтмө маанилери. Сөздүн эмоционалдык мааниси | 1 саат | | |
| 44 | Синонимдер | 1 саат | | |
| 45 | Омонимдер | 1 саат | | |
| 46 | Антонимдер | 1 саат | | |
| 47 | *Кеп маданияты.* Өтмө маанидеги сөздөрдү орундуу колдонуудагы стилдик зарылдыкты өздөштүрө билүү. Сүйлөм ичинде же катар келген сүйлөмдөрдө бир эле сөздү же сөз тизмектерин орунсуз кайталоого жол бербөө үчүн аларды маанилик жактан алмаштырууга ылайык келген башка синонимдик сөздөрдү колдоно билүүгө үйрөнүү. Текстти стилдик жактан туура түзүүдө синонимдик катарларды өздөштүрүү жана аларды колдоно билүү. Түшүндүрмө жана синоним сөздөрүнөн пайдалануу | 1 саат | | |
| 48 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 3 саат | | |
| 49 | *Лексикалык талдоо жана сөздүк жумуштары* | 1 саат | | |
| | **Сөз жасоо, сөздүн курамы жана кеп маданияты (8 саат)** | | | |
| 50 | *Сөздүн курамы* – уңгу жана мүчө, алардын мүнөздүү белгилери | 1 саат | | |
| 51 | Мүчөнүн маанисине карай бөлүнүшү: сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр, алардын өзгөчөлүктөрү (сөз жасоочу мүчөдөн жаңы сөз жасалаары, сөз өзгөртүүчү мүчөдөн сөздүн ар түрдүү формаларынын пайда болору, жаңы сөз жасалбастыгы) | 2 саат | | |
| 52 | Туунду жана уңгулаш сөздөр, алардын өз ара айырмачылыктары. Тубаса сөз жөнүндө түшүнүк | 1 саат | | |
| 53 | *Кеп маданияты.* Сөз жасоо же сөз өзгөртүү учурларында бир сөз ичинде же жанаша келген сүйлөмдөрдө уңгулаш сөздөрдүн орундуу жана орунсуз колдонулушун ажырата билүү. Орунсуз колдонулган учурларда аны түзөтүүгө, синоним же башка сөздөр менен алмаштыра билүүгө үйрөтүү | 1 саат | | |
| 54 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 2 саат | | |
| 55 | *Сөздүн курамдык бөлүктөрү боюнча талдоо* | 1 саат | | |
| | **Морфология, орфография жана кеп маданияты** | | | |
| 56 | Сөз түркүмдөрү (морфология) жөнүндө түшүнүк. Сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө карата ажыратуунун принциптери (лексикалык, морфологиялык, синтаксистик). Маани берүүчү кызматчы жана өзгөчө сөз | 2 саат | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **Зат атооч жана кеп маданияты (15 саат)** | | | |
| 57 | Зат атоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү: лексикалык маанилери, морфологиялык белгилери, синтаксистик кызматы | 1 саат | | |
| 58 | Зат атоочтун грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү: жөнөкөй жана татаал зат атоочтор. Жөнөкөй зат атоочтордун жасалышына карай бөлүнүшү: тубаса жана туунду зат атоочтор. Туунду зат атоочту жасоочу мүчөлөр. Туунду зат атоочтун морфологиялык жол менен жасалышы. Татаал зат атоочтун синтаксистик жол менен жасалышы | 2 саат | | |
| 59 | Энчилүү жана жалпы зат атооч. Энчилүү аттардын (адамдын, айбанаттарды, мекеме, жер-суулар, тарыхый окуя, көркөм чыгарма, басылмалардын аттарынан) жазылышы | 2 саат | | |
| 60 | Зат атоочтун сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөрүшү. Зат атоочтун көптүк санда (*-лар* мүчөсү менен) өзгөрүшү. Жалпыланган маанидеги көптүк *–лар* мүчөсү уланбаган зат атоочтор (мисалы: *нан, ун, жүн, суу* ж.б.) | 2 саат | | |
| 61 | Таандык мүчөлөр, алардын түрлөрү: жак таандык жана жалпы таандык мүчөлөр. Жак таандык мүчөлөр: I жактын жекелик жана көптүк сандагы таандык мүчөлөрү *(-ым, -ыбыз);* II жактын жекелик жана көптүк сандагы таандык мүчөлөрү (*-ың, -ыңыз, -ыңар, -ыңыздар*); III жактын таандык мүчөлөрү *(-ы, -сы)*. Жалпы таандык мүчө *–нықы* | 2 саат | | |
| 62 | Зат атоочтун жакталышы. Жекелик сандагы зат атоочтордун жакталышы (-мын, -сың, -сыз). Көптүк сандагы зат атоочтун жакталышы (-быз, -сыңар, -сыздар) | 1 саат | | |
| 63 | *Кеп маданияты*. Чыгармалардын (макала, очерк, көркөм чыгармалардын) аталышынын мазмунга ылайык тандалышы. Татаал зат атоочтордун ичинен кош сөз түрүндөгүсүнүн ар түрдүү маанилерин туура түшүнүү жана аларды сүйлөмдө айтылып жаткан ойдун жагдайына карай ыктуу колдоно билүү. Айрым бир лексикалык топтогу зат атоочторго (жаратылыштык кубулуштардын, жыл мезгилдердин, абстрактык маанидеги заттын атын билдирген) көптүк санды уюштуруучу *–лар* мүчөсү жалганган көптүк учурда адабий нормага ылайык келбей турганын (акылдар, асмандар, шамалдар ж.б.) түшүнө билүү; *-лар* мүчөсү жалганган бир өңчөй мүчөлөрдүн бардык түгөйлөрүндө толук сакталышы же эң акыркысынан башкасында түшүрүлүп белгиленишиндеги стилдик өзгөчөлүктөрдү байкоо жана ылайыгына жараша колдоно билүү. Таандык мүчөлүү сөз менен илик жөндөмөсүндө турган сөздүн айкалышында таандык мүчөнүн түшүрүлүп же толук берилишиндеги адабий норманы байкоо жана аны туура колдоно билүү | 1 саат | | |
| 64 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 3 саат | | |
| 65 | *Зат атооч жана анын сан, таандык категориялары боюнча талдоо* | 1 саат | | |
| | **Сын атооч жана кеп маданияты (8 саат)** | | | |
| 66 | Сын атоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү: лексикалык маанилери, морфологиялык белгилери, синтаксистик кызматы | 1 саат | | |
| 67 | Сын атоочтун грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү: жөнөкөй жана татаал сын атоочтор. Жөнөкөй сын атоочтордун жасалышына карай бөлүнүшү: тубаса жана туунду сын атооч.Туунду сын атоочтун морфологиялык жол менен жасалышы.Тубаса сын атоочтун маанилик түрлөрү. Татаал сын атоочтун синтаксистик жол менен жасалышы | 2 саат | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 68 | *Кеп маданияты.* Адамдардын турпатын, айлана-чөйрөнү, жаратылыштык көрүнүштөрдү сүрөттөөдө сын атоочтордун колдонулуш зарылдыгы. Тубаса жана туунду сын атоочтордун колдонулушундагы маанилик өзгөчөлүктөрдү айырмалай билүү | 1 саат | | |
| 69 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 3 саат | | |
| 70 | *Сын атооч боюнча талдоо* | 1 саат | | |
| | **Этиш жана кеп маданияты (17 саат)** | | | |
| 71 | *Этиштин* сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү: лексикалык маанилери, морфологиялык белгилери, синтаксистик кызматы | 1 саат | | |
| 72 | Этиштин грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү: жөнөкөй жана татаал этиш. Жөнөкөй этиштин жасалышына карай бөлүнүшү: тубаса жана туунду | 1 саат | | |
| 73 | Туунду этиштин морфологиялык жол менен жасалышы. Татаал этиштин синтаксистик жол менен жасалышы. Татаал этиштеги негизги жана жардамчы бөлүктөр, алардын маанилик, грамматикалык табияты, алардын жазылышы | 1 саат | | |
| 74 | *Этиштин жакталышы.* Этиштин жак мүчөлөрү: I жактын жекелик сандагы жак мүчөлөрү, алардын толук жана кыска формалары *(-м, -мын)* | 1 саат | | |
| 75 | I жактын көптүк сандагы жак мүчөлөрү *(-быз, -к)*; II жактын жекелик сандагы жак мүчөлөрү, алардын толук жана кыска формалары *(-сың, -сыз, -ңыз)* | 1 саат | | |
| 76 | II жактын көптүк сандагы жак мүчөлөрү *(-ңар, -сыңар, -ңыздар)*. III жактын *–т* мүчөсүнүн колдонулуш жана колдонулбас учурлары | 1 саат | | |
| 77 | *Этиштин чактары* (башталгыч класстагы өтүлгөндөрдү эске алуу). Учур чак, анын түзүлүшүнө карай бөлүнүшү: жөнөкөй учур чак, анын жасалышы; татаал учур чак, анын жасалышы. Этиштин учур чагынын жакталышы | 2 саат | | |
| 78 | *Келер чак,* анын маанилик түрлөрү. Айкын келер чак, анын жасалышы жана жакталышы | 1 саат | | |
| 79 | *Арсар келер чак,* анын жасалышы жана жакталышы | 1 саат | | |
| 80 | *Өткөн чак,* анын маанилик түрлөрү: *айкын өткөн чак,* анын жасалышы жана жакталышы; *капыскы өткөн чак,* анын жасалышы жана жакталышы; *жалпы өткөн чак,* анын жасалышы жана жакталышы; *адат өткөн чак,* анын жасалышы жана жакталышы.<br>Өткөн чактын татаал формаларынын *экен, эле, эмес* деген жардамчы этиштердин айкаша келиши аркылуу жасалышы, алардын жакталышы | 2 саат | | |
| 81 | *Кеп маданияты.* II жактагы этиштин сөз маанисинде жана жалпыланган мааниде колдонулушундагы өзгөчөлүктөрдү ажырата билүү; татаал учур чак менен жатыш жөндөмөсүндөгү кыймыл атоочтун (иштеп жатат, иштөөдө) өз ара синонимдештигин байкоо жана аларды биринин ордуна экинчиси колдонулган учурларын ажырата билүү | 1 саат | | |
| 82 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 3 саат | | |
| 83 | *Этиш, этиштин чактары жана жакталышы боюнча талдоо* | 1 саат | | |
| | **5-класста өтүлгөн материалдарды бекемдөө жана бышыктоо (6 саат)** | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 84 | Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү, аларда коюлуучу тыныш белгилер. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксистик түгөйлөрүнүн арасына үтүрдүн коюлушу | 1 саат | | |
| 85 | Тике сөздүн төл сөздөн мурда жана кийин колдонулушу, ушуга байланыштуу коюлуучу тыныш белгилер. Кыргыз орфоэпиясынын негизги эрежелери | 1 саат | | |
| 86 | Сөз маанилери, синонимдер, антонимдер боюнча көнүгүүлөрдү иштөө | 1 саат | | |
| 87 | Сөздүн уңгу жана мүчөгө ажыраашы. Сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр | 1 саат | | |
| 88 | Зат атоочтун категориялары: сан жана таандык категориялары, аларды уюштуруучу мүчөлөр. Туунду сын атоочту жасоочу мүчөлөр. Татаал сын атоочтун морфологиялык жана синтаксистик жол менен жасалышы | 1 саат | | |
| 89 | Этиштин категориялары: этиштин жакталышы жана чактары. Этиштин жакталышынын | 1 саат | | |

## 6-КЛАСС
**(жумасына 4 сааттан, жыл боюнча 136 саат)**

| № | ТЕМАЛАРЫ | сааты | мөөнөтү | эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **Кыргыз тили – Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили** | **1 саат** | | |
| 2 | **5-класста өтүлгөн материалдарды эске алуу жана бышыктоо** | 3 саат | | |
| 3 | Сүйлөмдүн модалдык маанилерин (айтылыш максаттарына жараша бөлүнүштөрүн) бири-биринен так ажыратууга жана текст түзүүдө айтылуучу ойдун мазмунуна карата колдоно билүүгө жетишүү; сүйлөмдөрдүн бир өңчөй мүчөлөрү менен татаал сүйлөмдөрдүн төл жана бөтөн сөздөрдүн чектерин, орун тартиптерин туура ажыратып, аларда колдонулуучу тыныш белгилерин өздөштүрүү | 1 саат | | |
